# Кыргыз адабий тилинин өнүгүүсү жана калыптануусу

# Адабий тил

- **Адабий тил —** белгилүү бир адабий нормага салынган жалпы элдик тилдин жогорку формасы. Адабий тил айтылышы жана жазылышы такталып, жалпыга бирдей кодификацияланат жана стилдик жактан кеңири жиктелип, оозеки жана жазуу түрүндө колдонулат.

# Адабий тилдин түрлөру


- Адабий тил жазма жана оозеки түргө бөлүнөт.
- Жазма түрүнүн ченемдери басма сөздө: газета, журнал, китеп жана башка колдонуу менен орфографиялык, пунктуациялык эрежелер аркылуу белгиленип, оозеки сүйлөө ченемдери окуу жайларындагы лекцияларда, радио, театрда, теле көрсөтүүлөрдө жана башка сүйлөнүп, орфоэпиялык эрежелер аркылуу жөнгө салынат. Адабий тилдин калыптанышында көркөм адабияттын, асыресе көркөм сөз чеберлеринин ролу чоң. Жазма түрүнүн ченемдери, гезит, журнал, китеп жана башка басма сөздө колдонуу менен орфографиялык, пунктуациялык эрежелер аркылуу жазылат;
- Оозеки түрү. ошондой эле анын оозеки сүйлөө эрежелери окуу жайларындагы лекцияларда, радиоберүүлөрдө, театрда, телекөрсөтүүлөрдө жана башка учурларда сүйлөнүп, орфоэпиялык эрежелер аркылуу жөнгө салынат.

# Кыргыз тил илими төмөнкү негизги бөлүмдөрдөн турат:

- Фонетика – тилдин тыбыштык түзүлүшүн, андагы өзгөрүүлөрдү изилдейт.
- Графика – жазуунун өнүгүш этаптарын, алфавит, тамгалар менен тыбыштарды белгилөө өзгөчөлүктөрүн изилдейт.
- Орфография – тилдеги сөздөрдү адабий тилдин нормасына ылайык туура жазууну үйрөтөт.
- Орфоэпия – оозеки адабий тилдин айтылыш нормаларын үйрөтөт.
- Лексикология – тилдин сөздүк курамы, анын өнүгүшү, сөз маанилери жана анын типтерин изилдейт.
- Морфология – сөз составы жана сөз түркүмдөрү жөнүндөгү илим.
- Синтаксис – сөз айкашы, сүйлөм мүчөлөрү, сүйлөм жана анын түрлөрүн изилдейт.
- Пунктуация – тилдеги тыныш белгилери, алардын коюлуш принциптерин, эрежелерин иликтейт ж.б

# Азыркы кыргыз адабий тили

- Кыргыз тилинин өркүндөтүлгөн эң жогорку формасы;
- Ал адамдардын ишмердүүлүгүнүн түрдүү тармактарын тейлейт;
- Функционалдык стилдери өнүккөн;
- Коомдогу кызматы өскөн;
- Жалпы улуттун кызыкчылыгын көздөйт.


Түрк тили
Батыш группасы
Чыгыш группасы
Уйгур-огуз подгруппасы
Кыргыз-кыпчак подгруппасы



алтай
казак
татар
уйгур
өзбек
кара-
калпак
башкыр
Жакынкы
тектеш
тилдер


гагауз
ногой
хакас
Алыскы
тектеш
тилдер
карачай
чуваш
тува
якут



алтай
башкыр
казак
Жакынкы
тектеш
тилдер
кара-
калпак
татар
өзбек
уйгур

# Алтай менен кыргыз тилинин окшоштугу

- Бирок алтай тилинде 8 созулма үндүү(ыы,ии), кыргыз тилинде 6 созулма үндүү бар.



# Алтай менен кыргыз тилинин окшоштугу



# Алтай менен кыргыз тилинин окшоштугу

## Лексикалык белгилер:

Уңгу сөздөрдүн басымдуу бөлүгүнүн тыбыштык комплекси жагынан бирдейлиги (М: бөдөнө, томолок, унчук ж.б.)


Кыргыз, алтай тилдеринде гана учураган сөздөр: таан, таар, шибеге, чуркура, кокуй, унчук ж.б.

# Салыштыргыла

| кыргызча | башкырча | казакча | өзбекче |
|---|---|---|---|
| жаз | йаз | көктем | бахор |
| жай | Йэй | жаз | йоз |

# Кыргыз адабий тилинин өнүгүшу

- Орхон –Энисей жазуулары * Араб жазуусу * Латын алфавити Орус алфавити











# Кыргыз жазууларынын тарыхы

Алфавит пайда болгонго чейин жазуунун ар кандай түрлөрү пайдаланылып келди. Аларга пиктографиялык (лат. pictus – сүрөттүү жана грек. grapho – жазуу), идеографиялык (грек. idea – ой, түшүнүк, grapho – жазуу), фонографиялык (грек. phone – тыбыш, grapho – жазуу) жазууларды көрсөтүүгө болот.


Мисалы:

- араб (1923–1927),
- латын (1927–1940),
- орус (1941–жылдан бери) пайдаланып келишкен.

# Пиктографиялык жазуу

- **Пиктографиялык (сүрөттүк) жазуу** (Латын сөзү «Pictүs» - «сүрөт»). Бул -жазуунун эң байыркы түрү. Ойду билдирүү үчүн аны чагылдырган сүрөттөр тартылган. Берилген ой ошол сүрөттөрдү чечмелөө аркылуу түшүнүктүү болгон.
- Сүрөттүк жазуулар - пиктограммалар аска-зоонун, таштын, сөөктүн, тал-теректин боорунан, беттеринен табылган. Алсак, таш бака – кургакчылыкты, жаа жебеси - согушту билдирген. Бирок мындай жазуу тилдин түзүлүшүн толук чагылдыра алган эмес.






# Идеографиялык жазуу

- **Идеографиялык жазуу** (Грек сөзү «Idea» - «ой», «түшүнүк»). Жазуунун бул түрүндө ар бир түшүнүк (сөз) атайын белгилер - идеограммалар менен туюнтулган. Баяндалуучу ой тийиштүү түшүнүктөрдү билдирген шарттуу белгилер аркылуу жазылган.
- Азыр идеографиялык жазуунун үлгүсү Кытай, Япония, Кореяда колдонулат.





# Фонографиялык (тыбыштык) жазуу

- **Фонографиялык (тыбыштык) жазуу** – Грек сөзү «phono» - «тыбыш») ар бир тыбыш жеке-жеке белгилер менен туюнтулган жазуу. Ал жазуунун эң өнүккөн түрү болуп саналат. Тилдин өзгөчөлүгүн толук чагылдыра алат жана колдонууга өтө ийкемдүү. Азыркы дүйнө элинин көпчүлүгү дал ушу жазууну пайдаланышат. Азыркы кыргыз, орус, англис, тилдеринде колдонулган жазуулар фонографиялык жазуу болуп саналат.

# Макалдардын маанисин чечмеле, толукта

1. Адамдын даңкын чыгарган да — тил, … чыгарган да — тил.
2. … тил — жыландын заары. … тил — жүрөккө дары.
3. Ачуу тил … турмушту бузат.
4. Дили …. түңүлбө, тили … түңүл.
5. Тил албасты … , тына —тына өзүң бар.
6. Тил … өткүр.
7. Элин сыйлабаган … жерийт.
8. Эшектин кулагы узун, … тили узун.
9. Тилде …. жок, не дебейт, айбанда акыл жок, не жебейт.
10. Тилден … да тамат, … да тамат.

# Макалдардын маанисин чечмеле, толукта

1. Адамдын даңкын чыгарган да — тил, тарпын чыгарган да — тил.
2. Ачуу тил — жыландын заары. Таттуу тил — жүрөккө дары.
3. Ачуу тил таттуу турмушту бузат.
4 . Дили узундан түңүлбө, тили узундан түңүл.
5. Тил албасты жумшаганча, тына —тына өзүң бар.
6. Тил кылычтан өткүр.
7. Элин сыйлабаган тилин жерийт.
8. Эшектин кулагы узун, ушакчынын тили узун.
9. Тилде сөөк жок, не дебейт, айбанда акыл жок, не жебейт.
10. Тилден бал да тамат, уу да тамат.